жана ижарага берүүчүгө жөнөтүлөт. Ижаралык акынын жаңы өлчөмү ижаралык акынын өлчөмүнүн өзгөрүшү жөнүндө ижаралык келишимге карата тараптардын кошумча макулдашуусу ыйгарым укуктуу орган тарабынан катталган күндөн тартып белгиленет.

Ижаралык акынын өлчөмүнүн өзгөрүшү менен ижарага алуучу макул болбосо, ал же ижарага берүүчү ижара келишимин аткаруудан бир тараптуу баш тартуу процессин демилгелөөгө укуктуу.

69. Ижара келишиминин мөөнөтү аяктагандан кийин да ижарага алуучу мамлекеттик мүлктү колдонууну улантса, ал мамлекеттик мүлктү пайдаланган убакыт үчүн жана мамлекеттик мүлк ижарага берүүчүнүн ээлигине жана пайдалануусуна иш жүзүндө кайтарылган мезгилге чейин ижаралык акыны төлөөгө милдеттүү.

## 7. Муницыпалдык мүлктү өткөрүп берүү

70. Ижарага берүүчү тарабынан муницыпалдык мүлктү өткөрүп берүү жана аны ижарага алуучу тарабынан кабыл алуу, тараптар тарабынан түзүлө турган кабыл алуу-өткөрүү актысы боюнча жүргүзүлөт.

71. Муницыпалдык мүлктү өткөрүп берүүгө даярдоо, анын ичинде кабыл алуу-өткөрүү актысын түзүү жана кол коюуга берүү ижарага берүүчүнүн милдети болуп саналат, эгерде ижара келишиминде башкасы каралбаса, анын эсебинен жүргүзүлөт.

72. Акт ижарага берүүчүнүн жана ижарага алуучунун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусунда түзүлөт.

Акт төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- акттын түзүлгөн жерин жана датасын;

- ижара келишиминин реквизиттерин, ага ылайык мамлекеттик мүлктү кабыл алуу-өткөрүү жүргүзүлөт;

- өткөрүлүп бериле турган мамлекеттик мүлктүн техникалык абалын сыпаттап жазуу;

- табылган бузулууларын жана кемчиликтерин жоюунун мөөнөттөрү жана тартиби.

73. Актыга тараптардын өкүлдөрү тарабынан кол коюлат жана мөөрлөр менен күбөлөндүрүлөт. Келишимдин колдонулушу токтотулган учурда да ижарага алынган мүлктү кабыл алуу-өткөрүү актысы түзүлөт.

Келишимди токтотуу учурунда ижарага алуучу муницыпалдык мүлктөрдү, алардын эскирүүсүн же келишимде шартталган абалын эске алуу менен ал аны кандай абалда кабыл алса, ошондой абалда ижарага берүүчүгө өткөрүп бериши керек.

## 8. Ижара келишими боюнча тараптардын жоопкерчиликтери

74. Ижара келишими боюнча милдеттенмелер аткарылбаса же талаптагыдай аткарылбаса, тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген тартипте жоопкерчилик тартышат.

75. Ушул Жобонун шарттарын бузгандыгы үчүн баланс кармоочу-уюмдун жетекчиси жекече түрдө жоопкерчилик тартат.

76. Ижара келишими боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган күнөөлүү тарап башка тарапка келтирилген